УДК 82.08.081

М.Ж. ТУМОНБАЕВА
E.mail. ksucta@elcat.kg

# СЫРДЫК СӨЗДӨРДҮН ЭМОЦИОНАЛДЫК МААНИЛЕРИ

*Макалада эмоционалдык сөздөр каралган.*

*В статье рассмотрены эмоциональные слова.*

*This article is devoted to the emotional words.*

Эмоционалдык маанидеги сөздөр жаратылыштык көрүнүштөргө, нерселерге же сүйлөмдө айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн байкоосун, баамын, сезүү, кабыл алуу мүнөзүн. мамилесин билдирген сөздөр болуп, өздөрү катышкан сүйлөмдүн мазмунуна ар кыл мүнөздөгү экспрессивдик, эмоционалдык маани кошот, сүйлөмдүн субъективдик мазмунун түзөт. Мындай сөздүн мааниси лексикалык жана эмоционалдык маанилердин бирдигинен турат. (1.Кыргыз китептеринин электрондук китепканасы www.bizdin.kg)

Анын лексикалык мааниси нерсе же көрүнүштөрдү атап көрсөтүүгө негизделсе, эмоционалдык мааниси сүйлөөчүнүн ошол нерсе же көрүнүштөргө карата болгон субъективдүү мамилеси, баалоосу аркылуу аныкталат: Жан чырагым түш эмес, өз колуң менен кылган иш. (А.О.) Кайран келиним, гүл сүйгөн келиним! Кантели. кош жесир болдук! (Ч.А.) Кечир мени, апаке,сенин тагдырыңды мен билген эмесмин. (Ч.А.) От жагышты билбеген акмак десе.астына кургагынан салбайсыңбы? (М.К.)

2. Сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы аркылуу:

а) таандык категориясынын биринчи жагынын -ым форма көрсөткүчү аркылуу уюшулган эмоционалдык маани, негизинен, эркелетүү, жакшы көрүү маанисинде келет да, көбүнчө адамдарга тиешелүү маани айбанаттардын же ар кандайжаратылыштын көрүнүштөрү менен аталып, өтмө-метафоралуу мааниде колдонулат:Кой антип кыт-кыт күлбө, эркетайым. жан шоолам, жарык күнүм, бак-таалайым.

(А.О.) Кыраанын берен Алмамбет, Кангайдан келген белегим, Ээ, кулунум Бозуул,көңүлү жакын дос уулум («Манас»), Айланайын каралдым. бери келгин деп атат.Сырттан Кошой жолборсум! Ээ, кулунум Көккоён («Манас»). Ыйлабачы, кулунум!

Ыйлабачы! Мен сага атадаймын. Эч кимге кор кылбайм. Коё турчу кичине నават барэле. уулума алпаратам. ал эмгиче жүгүрүп калгандыр, күчүгүм (М.А.).Эмоционалдык маанинин ушул түрү кыргыз тилинде, анын элдик оозеки жанакөркөм адабий чыгармаларда, оозеки кепте өтө активдүү колдонулат. Мындай ыкмаменен уюшулган эмоционалдык маанидеги сөздөр жек көрүү, мыскылдоо, санаркоо,сыяктанган маанилерди да билдирет: Эй, Эдилбай — кургутум, андан эчтеме чыкпайт.андай ой башыңа да кирбейт (Ч.А.). Жоламан! Уулум! Уулум эмне болгон депчочулаган Найман Эне үн салып баратты (Ч.А.). Аныктап арбак урган го, айбанымсенден кем болсом, Оболдон бери, доңузум, оё жүрдүм көзүңдү («Манас»).

***б) —ке формасы аркылуу уюшулган эмоционалдык маани да жакшы көрүү*** маанисин билдирет: Атаке, качан эми? Эрмектин алайган көзү ачылып-жумулупыйлаганы турат (Ч.А.). Ой, Эдикесиңби? Кандай Эдике, биз жакка кайсы шамал айдапкелип калды дейм да (Ч.А.). Аялым эмес, карындашым болот. энеке, ооруканагаалпаратам. Андай болбойт. олуя атакеси! (Ч.А.) Айтыңызчы. апаке, акылыңыз канаке? Ашыгып жолго кирипсиз, Айтчы, энеке, сырыңды, сиз бир нерсени билипсиз(«Манас»), ***в) — айын формасы аркылуу уюшулат да, жалынуу маанисин билдирет:***

Айланайын. Шыпшайдар, айтканымды сөздөй көр («Манас»). Майсалбек, айланыпкетейин кеменгер уулум, ал ушул жөнүндө катында жазбады беле? (Ч.А.)

***ага — жан мүчөсүнүн жалганып айтылышы аркылуу да жакшы көрүүнү, эркелетүүнү***
билдирген эмоционалдык маанидеги сөздөр уюшулат: Айланайын. Алаке, ар биржерде мындай деп, Айткан жериң канаке?! («Манас») Катыгүн Алман, не дейсиң,качуунун жайын не жейсиңг) ***Сөздөргө -тай, -кай, -чек деген сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу уюшулган***эмоционалдык маанидеги сөздөр сүйлөөчүнүн өзүнөн улуу же кичүү адамга карата,негизинен, жакшы көрүү, эркелетүү мүнөздөгү мамилесин билдирүү үчүн колдонулат:Кантейин балакай, кудай жаныңы аман койсун. Эй, иничек, тиги төөгө көзсала турчу, садагасы. бала-бакыра бейбаштык кылбасын. Мынча өксүп кан кейитпе,
Раймалы агатай (Ч.А.). Ой-ий, келинчек, бери кайрыла кетсеңиз боло (Т.К.).
д) -гыр мүчөсү этиштерге жалганып, заттык мааниде колдонулат да, жек көрүү, каргоо маанисинде колдонулат: Көрүп Алмаң бакырды көмүлгүр түпкө жеттиң деп.баалоо аркылуу уюшулган эмоционалдык маанидеги сөздөр, негизинен, кыргыз китептеринин электрондук китепканасы www.bizdin.kgметафоралык өтмө мааниде колдонулат да, алардын мааниси контекст аркылуу аныкталат: Мына сага! Ме! Арам өлгөн айбан! Мына сага! Ач көз айбан! Мына сагаошол үчүн, кутурган ит! Эдигей ачуусун Каранардан чыгарды Эмине өкүрөсүң,ажыдаар? Байкап бакыргын, ажыдаар. тишиңди кагып салам! Ошондо өзүн өзү боктоп тилдейт: Айбан! Төөң да хайван. өзүң да хайбансың! Ит! Доңуз! Маңги баш (Ч.А.). Ошентип, эмоционалдык маани — сөздүн негизги лексикалык маанисине кошумчаланып, ички сезимди туюнтуу үчүн колдонулуучу сөз маанилеринин өзгөчөлөнгөн өзүнчө бир тобу. Сөздөгү бул маани адамдардын ар кыл мүнөздөгү сезимдик туюмдарын тейлеп, өзүнчө бир көптөгөн маанилердин, маанилик оттеноктордун тобунан турат. (Сапарбаев А. 1997.53)
1. Эмоционалдык маанидеги сөздөр жакшы көрүү, эркелетүү, ыраазы болуу маанилеринде колдонулат да, ар кандай каражаттар аркылуу жасалып, маанилери контекст же сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун жалпы кырдаалы аркылуу белгилүүболот. Мындай мүнөздөгү эмоционалдык сөздөрдү маанилик оттеноктору боюнча төмөнкүдөй топтоштурууга болот:
а) Жакшы көрүү, сүйүү маанилериндеги эмоционалдык сөздөр. Мындай эмоционалдык маанилер таандык уландынын биринчи жагы -ым жана -ке, -тай мүчөлөрү аркылуу уюшулат:
— Жарменкеде жолукканча, жарыгым Бегимай.
— Жарменкеде жолукканча. Раймалы агатай.
Ай Сарала, Сарала, эски досум, жан шеригим. күүгүмдөр чакта сүйүүгө кабылтып, өмүр ушунчалык кызык белем! (Ч.А.)
Келдиңби? — деди анын боз чалган нурсуз көздөрү жансыз тиктеп турду, жакын келчи, жарыгым (Т.К.)
б) Жалынуу маанисиндеги эмоционалдык сөздөр: Кечитке киргенде Момун умай энеге жалынды: «Касиетиңден айланайын Мүйүздүү Бугу-Эне, колдой көр».
Үнүңдөн! (Т.К.). Ох, касиетиңден кагылайын кыргызымдын Ала-Тоосу! (Ч.А.)
в) Жактыруу, кубаттоо маанисинде колдонулат: Жарайсың, Эдилбай Куркут! Адашкан жерден жол тапкан азаматсың, Жарайсың. Эрлепес! Өнөрүң бийик турбайбы! (Ч.А.) Бали, Каныбегим! Мен ыраазы, уул экенсиң! (К.Ж.) Бали, бали садагалар, силердин жардамыңарга эми ыраазы болдук. (К.Б.)
г) Эркелетүү, ыраазы болуу маанисин билдирет: Күчүгүм, күчүгүм. Көрдүнбү кичинекей бөлтүрүктөр сага ойнойбуз деп келишкен турбайбы? Ыйлабачы кулунум!
2. Эмоционалдык маанидеги сөздөрдүн өзүнчө бир тобун таң калуу, чочуу, өкүнүү өңдүү мааниде колдонулган сөздөр түзөт: О. кайрылбай кеткен, кайран күндөр! Тууган жер ай! А, кайран келиним! Гүл сүйгөн келиним, өзү деги гүл дегенге жакынэле (Ч.А.). Атбашы, ботом, келип калдыкпы? Бу кайсы жер? (Т.С.) Аттиң дечи! Качыкемкетчү Качыке эмес эле! (У.А.) Аттигине, жеңеке! Арстанды жалгыз дедиңиз, аягы тийди (кыргыз китептеринин электрондук китепканасы www.bizdin.kg өзүмө. Кантейин Манас кабылан, Сенден мурун өлбөдүм. Атаганат, канкорум, ушубалам Каныкей эмгекке тууган күң экен («Манас»).

3. Нааразы болуу маанини билдирет: Түү, сенин бетиңе дүйнө! Жашагым келбейт. О, турмуш ай, мынча неге катаал болдуң, мынча неге сокур болдуң? О, жараткан, токтот азабыңды жетишет!»
4. Боор ооруу, аёо маанилерин билдирет: А байкуш таеже, шордуу таеже, канча жолу таяктын уусунан чала жан болуп жатпады. Алгач сага айтайын, шордуу Раймалы. (Ч.А.). Шордуу балам ай! Таалайсызым ай! (Т.С.). А-а, байкушум, акырындапкарып келе жатабыз го. Куураган байкуштарым-ай, кантип ушу күнгө туш болдуңар. (Ч.А.).
5. Көңүл айтуу, жубатуу маанисин билдирет: Кабатыр болбо, акылман аким, уйгу-туйгу жаның жай алат. Чочубай эле кой, Базаке, Мурат экөөбүз узатып чыгабыз. Кабатыр болбой эле кой, Боске, эмне сенин айыңан аялыңа кычаштык кылмак беле (Ч.А.).
6. Каршы болуу, жактырбоо маанисин билдирет: Иничегим, сен кичине чыдайтурчу чебелектебей. Жок, атаке, болбойт! Акым жок. Жок, Эдигей ага, бүгүн сени коё бере албайм. О, жарыгым, андай дебе! (Ч.А.) Болду эми, жетишет, божурагым (Т.С.).
7. Мыскылдоо, табалоо, шылдыңдоо маанисин билдирет: Баракелде, мындай идеяларды кайдан алгансың, жан досум? Иисус Назарчигим, адамдарды жана элдерди ал максатка кантип жеткирмексиң?! Кантейин, балакай, кудай жаныңы аман койсун, сени пенделик тиричилик эле сопу кылып коёр бекен?! Кымбаттуу Көкөтайым, космоско учуш деген Каранарга минип алып, Сары Өзөктүн чөлүн кезиш эмес. (Ч.А.). Эмне дейсиң, атакеси, ошентчи беле! Мадыра баш сен дагы Халкин-Голго баратасыңбы?
8. Жоктоо, арман маанисин билдирет: Кайдасыңар, күчүктөрүм, томпойгон төрт макоом, кайда жоголдуңар, эми эмне күнгө туш келдиңер?! Ичи эңшериле түшкөндөй болду — Эрназар, бир боорум, барсыңбы? Эми эмне кылам, ботом?! Оой Эрназар ай, эзил кайран боорум ай! Ал өзүн-өзү кармай албай калды, боздоп өкүрүп ыйлап жиберди. (Ч.А.).
9. Кекетүү. жактырбоо маанисин билдирет: Мындайда факты-далил керек, мадыра башым. Сенделген поптун күчүгү, алдыма чөгөлөгүн. (Ч.А.) Ай, жубарымбек, көзүңдү карасаңчы аңкыйбай! (М.К.) Тойгузбай койсом кардыңды. тозокум, шондо келсеңчи. Алаңдатпай көзүңдү. жыластар, жыйбайсыңбы эсиңди. Атаңа наалат, ит Үрбү! Алдыңкы жерге жит, Үрбү! Атаңдын көрү ит Көкчө! Кара жер сорсун нээтиңди («Манас»).
10. Ачуулануу, жек көрүү маанисин билдирет: Атаны гана канчык! Нечен келтек, нечен таяк жеди. Мен сени эл душманы катары муунтуп салам. арам сийдик. Эй, кеңкелестер, муз тиштегенче, муну иштегиле. Уйкуну бузду, атаңа наалаттар!

**Адабияттардын тизмеси**


1.Кыргыз китептеринин электрондуккитепканасы [электрондук ресурс] www.bizdin.kg

2.Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. Жогорку окуу жайларынын филол. фак. студенттери үчүн окуу китеби. [текст] — Б.: «Кыргызстан — Сорос» фонду, 1997.—328 б.

3. Кудайбергенов С., Турсунов А., Сыдыков Ж. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы [текст] Илим.Ф.1980. 258 б.

4. Азыркы кыргыз адабий тили. Бишкек.2009.

5. Иманалиев С. Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр.[текст]/ С. Иманалиев Фрунзе, 1969. 270 б.

6. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. [текст]/ Давлетов С., Кудайбергенов С. Фрунзе,1980. 209-214-б.